# Өткөн жыл кандай болду, алдыда эмне максат бар?

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"



Сүйөркул Абдыбалы тегин

***2013-жылдын жыйынтыктары боюнча, КРнын Улуттук банкы маалыматына ылайык, өткөн жылдын 11 айында товарлардын экспорту 6 783 миллион доллар болгон, бул 2012-жылдын 11 айына салыштырмалуу 9,9%га көп. Импорт да 11%га өсүп, дээрлик 5 миллиард долларга жеткен. Коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү өткөн жылы дээрлик 33%га көбөйүп, 67,3 миллиард сом болгон. Алтын-валюталык резервдердин көлөмү 171,8 миллион долларга көбөйүп, 2,2 миллиард долларды түзгөн. Реалдуу ички дүң продуктынын өсүү темпи 10,5% болгон. Мына ушундай жана башка көрсөткүчтөр, башкы банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө Улуттук банктын төрайымынын орун басарлары Заир Чокоев жана Сүйөркул Абдыбалы тегин билдиришти.***



Заир Чокоев

Бизде өткөн жылы банк секторунда динамикалуу өнүгүү байкалган. Эгерде жыл башында банк системасынын активдери 87,4 млрд. сом болсо, жыл аягына карата 23%га көбөйүп, 107,9 млрд. сомго жеткен. Кредиттердин үстөк пайыз ставкалары төмөндөп, декабрда берилген кредиттердики орточо 17,8%ды түзгөн. Микрофинансылык кредиттик сектордун көрсөткүчтөрү да жакшырып, кредиттик портфелдин көлөмү жыл ичинде 3 миллиард сомго көбөйүп, жалпысынан 18,3 миллиард сомго жеткен.

Эң башкысы, өткөн жылы жылдык инфляция 4%ды түздү. Бул Улуттук банктын ишиндеги маанилүү натыйжа. УБ тарабынан банк системасын ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу боюнча акча-кредит саясатынын жаңы аспабы ишке киргизилген. Экономикага кредиттер көбөйүп жана үстөк пайыз ставкалары төмөндөшү үчүн рефинансылоо максаттарына кредиттик аукциондор жүргүзүлө баштаган. Өткөн жылы андай аукциондордун алкактарында 970,9 миллион сом жайгаштырылган, алар боюнча орточо салмактанылган ставка 5,7%ды түзгөн. Өткөн жылы өнөр жайлык эксплуатациялоого автоматташтырылган соода системасы киргизилген, ал акча-кредит операцияларын жана финансы рыногундагы банктар аралык бүтүмдөрдү тез жана натыйжалуу жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген. Башкаруу структурасы жакшыртылып, көзөмөл чаралары күчөтүлгөн, илимий-изилдөө жана башка багыттар өнүктүрүлүүдө.

УБ ушул жылдан баштап акча-кредит саясатынын негизин өзгөртүү жана жаңы аспаптарды киргизүү чечимин кабыл алды. Ал үстөк пайыз ставкаларынын реалдуу экономикага таасирин күчөтүүнү же акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин үстөк пайыз каналынын ишин жана УБнын эсепке алуу ставкасынын экономикадагы ролун жогорулатууну билдирет. Ошол эле учурда акча-кредиттик саясаттын максаты мурдагыдай бойдон калат – баалардын туруктуулугуна жетишүү жана колдоп туруу болмокчу.

Эсепке алуу ставкасын аныктоо механизми өзгөртүлөт. Азыр ал ставканын өлчөмү УБнын ноталарынын кирешелүүлүгүнө байланган. Болжол менен март айынан баштап ставканын өлчөмү УБнын башкармалыгы тарабынан үзгүлтүксүз негизде аныкталмакчы. Чечим экономикалык кырдаалды баалоонун, тенденциялардын, болжолдордун негизинде кабыл алынмакчы. Бул үчүн банкка макроэкономикалык прогноздоо жана экономикалык саясаттын анализи системасы киргизилген. Өткөн жылдын декабрынын башында УБнын Башкармалыгы иштин алгачкы натыйжаларын карап чыкты, ал система жакшы иштеп жатканын көрсөттү.

Эсепке алуу ставкасы УБнын олуттуу үстөк пайыз ставкасы катарында рынокко акча-кредит саясатынын багыты жөнүндө сигнал бермекчи. Орто мөөнөттүү мезгилде УБ анын акча-кредит саясатынын үстөк пайыздык трансмиссиялык каналынын иши рынок ставкаларына түз таасир көрсөтүүсүнө, а кредиттер боюнча үстөк пайыз ставкалары төмөндөөсүнө жетишүү максатын көздөмөкчү.

– Бүгүн валютанын курсу боюнча болуп жаткандар – дүйнөлүк тенденция, – дейт З.Чокоев. – Анткени АКШ долларынын курсу чыңалуусу жүрүп жатат. Россиянын рубли биздикинен да тез алсызданууда. РФнын Борбордук банкы рублдин курсун колдоо жүргүзбөй тургандыгын жарыялады. Бул өтө сабаттуу позиция. Эки жыл мурда Беларуста улуттук валютасынын курсун кармап туруу боюнча экономикалык эмес, саясый милдет коюлган. Натыйжада өлкө эл аралык резервдеринин дээрлик жарымынан айрылды, инфляция 160-170%га жеткен. Бул адамдардын жашоо деңгээлинин кескин төмөндөөсүнө алып келген.

УБ акча агрегаттарын таргеттөө (максаттык оринетирлерди белгилөө) режиминен акырындык менен үстөк пайыздык ставканы таргеттөө режимине өтүүдө. Эми акча базасынын көлөмдөрү жана акча базасы эмес, үстөк пайыз ставкасынын деңгээли ориентир болуп калды. Аны аныктоо менен баарыдан мурда инфляциянын прогноздору багыт болуп калмакчы.

Быйыл коомчулукту акча-кредит саясаты маселелери боюнча маалымдоо иштери да өнүктүрүлмөкчү. УБнын сайтында Башкармалыктын 2014-жылга отурумдарынын графиги жарыяланган. Ар бир отурумдан кийин талкуулоонун жыйынтыктары боюнча пресс-релиздер чыгарылат. Бул финансы рыногунун катышуучуларына жана жалпысынан калкка чечимдердин эмненин негизинде кабыл алынганын түшүндүрмөкчү.

Албетте, өткөн жылы дүйнөлүк жана ички рыноктордо кырдаал туруктуу болгон. Бул жагымдуу факторго карабастан, Улуттук банк менен өкмөт жүргүзгөн акча-кредит саясатынан улам инфляция анча жогору эмес жана туруктуу болду.